**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жаран Камчыбек Кадыркулович Кудайбергеновдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013-жылдын 19-августу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, курамында А.О.Нарынбекова, М.Р.Бобукеева, Ч.О.Осмонова, катчы М.Ж.Азарованын катышуусунда жаран К.К.Кудайбергеновдун кайрылуусун карап төмөндөгүлөрдү

**т а п т ы :**

Жаран К.К.Кудайбергенов 2013-жылдын 19-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына ( мындан ары – Конституциялык палата) кайрылып, анда Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 48-беренесинин 2-бөлүгүн Конституцияга карама каршы келгендиктен конституциялык эмес деп табууну суранат.

Арызын негиздеп төмөнкүлөрдү көрсөткөн, 2004-жылдын 24-ноябрында Нарын райондук сотунун окүмү менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш Жаза Кодексинин 171-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту, 315-беренеси менен 5 жыл 6 ай эркинен ажыратылып, ошол эле кодекстин 63-беренесинин негизинде жаза шарттуу деп эсептелип, 2 жыл сынак мөөнөтү белгиленген. 2005-жылдын 14-ноябрында Нарын райондук сотунун токтому менен соттуулугу алынып салынган. Ал эми 2013-жылдын 10-апрелинде Нарын областынын Нарын районунун Чет-Нура айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган.

Бирок , 2013-жылдын 25-апрелинде Нарын районунун прокурору Нарын райондук Мамлекеттик администрациясына сунуш келтирип, анда Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 48-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык, соттуулугу бар жаран, соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан айыл өкмөтүнө башчы болушу мүмкүн эместигин негиз кылып, аны ээлеген ордунан бошотуу маселесин койгон.

Жаран К.К.Кудайбергенов Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 48-беренесинин 2-бөлүгү Конституциянын 6, 52- беренелеринин ченемдерине карама каршы келет деп эсептейт.

Судьялар коллегиясы, арызды жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде арызды текшерген судья А.О.Нарынбекованын маалыматын угуп төмөнкү жыйынтыкка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституцуиялык мыйзамынын 20- беренесине ылайык, жеке же юридикалык жактар, эгерде өздөрүнүн Конституцияда таанылган укуктары жана эркиндиктери мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда бузулган деп эсептесе Конституциялык палатага өтүнүч таризинде кайрылуу укуктары каралаган.

Андан тышкары, жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык мыйзамдын 25- 26- беренелеринде конституциялык палатага кайрылууга коюлган жалпы талаптар көрсөтүлгөн, жаран К.К.Кудайбергеновдун кайрылуусу бул талаптарга жооп бербейт, тактап айтканда, конституциялуулугу текшерилүүгө жаткан ченемдик укуктук актыга кол койгон же аны чыгарган мамлекеттик органдын, кызмат адамынын аталышы, дареги, Конституциялык палатага кайрылууга укук берген Конституциянын жана ушул конституциялык мыйзамдын ченемдери, талашылып жаткан ченемдик актынын толук аталышы, номуру, кабыл алынган датасы, жарыяланган булактары жана башка реквизиттери көрсөтүлгөн эмес.

Мындай жагдайларда, жаран К.К.Кудайбергеновдун арызы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунуну Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренсинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, кайрылуу таризи жана мазмуну боюнча ушул конституциялык

мыйзамдын талаптарына ылайык келбегендиктен өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга жатат.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 беренесинин 3-бөлүгүнүн 1 пунктун жана 5 бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1.Жаран К.К.Кудайбергеновдун арызы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2.Арыз жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3.Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы : А.О.Нарынбекова

М.Р.Бобукеева

Ч.О.Осмонова